**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТЕСКЕМЕ
# РАСПОРЯЖЕНИЕ

Социалдык-эмгектик жана аны менен байланышкан экономикалык мамилелерди жөнгө салуунун негизги маселелери боюнча макулдашылган чараларды жүзөгө ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасындагы эмгек мамилелер жаатындагы социалдык өнөктөштүк жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык:

1. Тиркелген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясы менен республикалык иш берүүчүлөр бирикмелеринин ортосундагы 2025–2027-жылдарга башкы макулдашуу жактырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-апрелиндеги № 233-т тескемеси күчүн жоготту деп таанылсын.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.А. Касымалиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кол койгон: Касымалиев А.А., 19.06.2025

№ 505-т, 19.06.2025

Тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети,
Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясы менен
республикалык иш берүүчүлөр бирикмелеринин
ортосундагы 2025–2027-жылдарга
башкы макулдашуу**

Биз, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин (мындан ары – Министрлер Кабинети), Кыргызстандын кесиптик бирликтер федерациясынын (мындан ары – Кесиптик бирликтер) жана республикалык иш берүүчүлөр бирикмелеринин (мындан ары – Иш берүүчүлөр) ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, мындан ары Тараптар деп аталып,

Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине жана «Кыргыз Республикасындагы эмгек мамилелер жаатындагы социалдык өнөктөштүк жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык иш жүргүзүп,

жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин артыкчылыгын жарыялап,

2040-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын жетекчиликке алып,

2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасынын концепциясын колдоп,

Кыргыз Республикасынын мамлекет башчысы тарабынан сунушталган андан ары ырааттуу либералдаштыруунун жана экономиканы өнүктүрүүнүн негизинде калктын жашоо деңгээлин жогорулатуу стратегиясын аткаруу зарылдыгын ырастап,

жумушчулардын жана иш берүүчүлөрдүн укуктарын жана социалдык-экономикалык кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылуу, коомдо социалдык ынтымак менен туруктуулукту сактоо ишинде конструктивдүү өз ара аракеттенүү үчүн социалдык өнөктөштүк принцибин ишке ашырып,

тең укуктуулук жана өз ара сый-урмат, кабыл алынган милдеттенмелерди аткаруу үчүн жоопкерчилик принциптерин жетекчиликке алып,

социалдык-эмгектик жана алар менен байланышкан экономикалык мамилелерди жөнгө салуунун жалпы принциптерин, ошондой эле аларды ишке ашыруу боюнча Тараптардын биргелешкен аракеттерин аныктаган ушул 2025–2027-жылдарга башкы макулдашууну (мындан ары – Макулдашуу) түздүк.

## 1. Экономиканы, ата мекендик өндүрүштү жана ишкердикти өнүктүрүү

Экономиканы мындан ары өнүктүрүү максатында Тараптар төмөнкүлөргө милдеттенишет:

1.1. Экологиялык жактан туруктуу бизнести өнүктүрүүгө жана жумуш орундарын түзүүгө көмөктөшүүгө, анын ичинде энергиянын кайра жаралуучу булактары, экологиялык айыл чарба жана туруктуу туризм сыяктуу «жашыл» технологияларды киргизүү жана экономиканын «жашыл» секторлорун кеңейтүү аркылуу.

1.2. Ишканаларды жана жумушчуларды формалдуу экономикага/иш менен камсыз кылууга өткөрүү боюнча маалымат таратуу жана билим берүү программаларын жүргүзүү үчүн кесиптик бирликтер жана бизнес-ассоциациялар менен кызматташуу планын иштеп чыгууга.

1.3. Жумуш орундарын каттоонун жана жумушчулардын укуктарын камсыз кылуунун натыйжалуу механизмдерин киргизүү жолу менен иштин бардык чөйрөлөрүндө формалдуу эмес экономиканын үлүшүн азайтуу боюнча иштерди дайыма жүргүзүүгө.

1.4. Айыл чарбасында эмгек өндүрүмдүүлүгүн жана эмгек акыны жогорулатуу максатында агрардык секторго жаңы технологияларды жана инновацияларды киргизүүгө, илимий негизделген айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүү жолу менен азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууга.

## 2. Эмгек акы төлөөнү жана социалдык камсыздоону жөнгө салуу

Тараптар калктын реалдуу кирешелерин жана жашоо деңгээлин мындан ары туруктуу жогорулатууну, республиканын жарандарына социалдык колдоону күчөтүүнү камсыз кылуучу чаралардын комплексин ишке ашырууну зарыл деп эсептейт. Бул максаттарда Тараптар төмөнкүлөргө милдеттенишет:

2.1. Эмгек ресурстарынын квалификациясын натыйжалуу жогорулатууга багытталган чаралардын комплексин кабыл алууга, анын ичинде окутуу жана уюштуруу иш-чаралары (семинарлар, тренингдер, тегерек столдор).

2.2. Жамааттык келишимдерде жана макулдашууларда жоопкерчиликти, анын ичинде иш берүүчүлөрдүн күнөөсүнөн эмгек акы өз убагында төлөнбөгөндүгү үчүн алардын материалдык жоопкерчилигин караштырууга.

2.3. Тармактык жана жамааттык келишимдердин алкагында спорттук-ден соолукту чыңдоо жана маданий-массалык иш-чараларды уюштурууга жана аларды өткөрүү шарттарын кароого.

## 3. Эмгек рыногун өнүктүрүү жана калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү

Тараптар эмгек рыногунун натыйжалуу иштешин камсыз кылуу жана калктын иш менен камсыз болуу деңгээлин жогорулатуу өз максаты экенин таанып, жаңы жумуш орундарын түзүү, кадрдык потенциалды сактоо жана өнүктүрүү боюнча милдеттерди чечүүдө күч-аракеттерди бириктирүүнү зарыл деп эсептеп, төмөнкүлөргө милдеттенишет:

3.1. Жаңы жумуш орундарын түзүү жана сактоо, жумушчу кадрларды жана адистерди кесиптик даярдоо жана кайра даярдоо боюнча чараларды көрүүгө.

3.2. Эмгек рыногун талдоонун негизинде эмгек рыногунда талап кылынган кесиптер боюнча адистерди даярдоону камсыз кылууга, билим берүү мекемелеринин бүтүрүүчүлөрүн адистиги боюнча ишке орноштуруу жана жаш адистерди жумуш орундарына бекитүү үчүн иш берүүчүлөргө дем берүү механизмдерин киргизүүгө.

3.3. Эмгек рыногунун жана экономиканын «жашыл» секторунун муктаждыктарын эске алуу менен квалификациянын тармактык (сектордук) алкактарын жана кесиптик стандарттарды иштеп чыгууга катышууга.

3.4. Жогорку жана кесиптик билим берүү мекемелеринин бүтүрүүчүлөрүн, Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүнүн катарында мөөнөттүү аскердик кызматтан кайткан адамдарды жана калктын социалдык жактан аялуу катмарларынын башка категорияларын иш менен камсыз кылууга ар тараптуу көмөк көрсөтүүгө.

3.5. Социалдык өнөктөштөрдүн күчү менен иш менен камсыз кылуунун туруксуз түрлөрү менен алектенген жарандардын укуктарын ишке ашырууну, жеке иш менен камсыз кылуу агенттиктеринин ишин мамлекеттик жана коомдук контролдоону жөндөөгө.

3.6. Өмүр бою билим алууга, формалдуу эмес жана өз алдынча окутуу процессинде алынган билимдин жыйынтыктарын баалоо жана таануу (валидация) системасын түзүүгө көмөк көрсөтүүгө.

3.7. Чет өлкөлөрдөн квалификациялуу адистерди тартуу боюнча маданий жана социалдык программаларды өнүктүрүү жана иштөө үчүн, ошондой эле республикада жогорку квалификациялуу адистерди кармап калуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү боюнча комплекстүү мамилени иштеп чыгууга.

3.8. Бардык окуучулар үчүн, анын ичинде региондордо билим берүүнүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жакшыртууга багытталган зарыл чараларды көрүүгө.

3.9. Экологиялык жана социалдык аспекттерди эске алуу менен эмгек ресурстарынын ийкемдүүлүгүн жана жеткиликтүүлүгүн

жакшыртууга, ошондой эле эмгек рыногунун муктаждыктарын канааттандырууга багытталган чараларды/иш-аракеттерди аныктоого.

## 4. Эмгек коопсуздугу жана гигиенасы

Эмгек коопсуздугун жана гигиенасын кызматташуунун артыкчылыктуу багыттарынын бири катары карап, Тараптар төмөнкүлөргө милдеттенишет:

4.1. Жумушчулардын кызматтык милдеттерин аткаруусуна байланышкан жаракат алуунун, кесиптик оорулардын же башка ден соолукка зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча системалуу иш алып барууга, ошондой эле алардын пайда болуу себептерин жоюуга көңүл бурууга, бул чөйрөдө системалуу коомдук контролду жөндөөгө.

4.2. Республикалык үч тараптуу комиссиянын ыйгарым укуктарынын алкагында мамлекеттик жана коомдук контролду жүзөгө ашырууда төмөнкү маселелерге көңүл бурууга:

– уюмдардын жетекчилеринен жана башка кызмат адамдарынан эмгек шарттары жана коопсуздугу, өндүрүштөгү бөөдө кырсыктар жана кесиптик оорулар жөнүндө толук маалымат алуу;

– ишканаларда, уюмдарда жана мекемелерде эмгек коопсуздугу жана гигиенасы боюнча иш-чараларды каржылоо;

– жумуш орундарындагы эмгек шарттарынын абалына, өзгөчө зыяндуу жана кооптуу өндүрүш факторлоруна контроль жүргүзүү;

– мыйзамдарда белгиленген тартипте жумушчуларга жеңилдиктер жана компенсациялар белгиленүүчү, майыптар эмгектенген жеңилдетилген шарттарда пенсияга чыгуу укугу берилген зыяндуу, кооптуу жана башка эмгек шарттары бар жумуш орундарынын эмгек шарттары боюнча аттестациядан өткөрүү;

– милдеттүү түрдө алдын ала (ишке кирүүдө) жана мезгилдүү (эмгек иши учурунда) медициналык кароолорду белгиленген тартипте жүргүзүү;

– иш берүүчүлөрдүн жамааттык келишимдерде жана макулдашууларда каралган эмгек коопсуздугу жана гигиенасы боюнча өз милдеттенмелерин аткаруусун иликтөө;

– жумушчуларга мыйзамдарда каралган жеңилдиктерди жана компенсацияларды берүү, ошондой эле аларга эмгекти коргоо боюнча инструктаж өткөрүү, эмгекти коргоо маселелери боюнча окутуу, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу;

– жумушчуларды белгиленген ченемдер боюнча сүт, дарылоо-профилактикалык азыктар, газдалган туздуу суу жана жеке коргонуу жана гигиена каражаттары менен камсыз кылуу, ошондой эле жамааттык коргонуу каражаттарын колдонуу;

– эмгек коопсуздугу жана гигиенасы талаптарын бузууга жана өндүрүштөгү бөөдө кырсык фактыларын жашырууга күнөөлүү

адамдарды жоопкерчиликке тартуу жөнүндө талаптар менен ыйгарым укуктуу органдарга кайрылуу;

– эмгек коопсуздугу жана гигиенасы боюнча ыйгарым укуктуу адамдарды окутуу жана алардын квалификациясын системалуу жогорулатуу, ошондой эле алардын өз ишин натыйжалуу жүзөгө ашыруусу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү боюнча милдеттенмелерди жамааттык келишимдерге жана макулдашууларга киргизүү.

4.3. Эмгек коопсуздугу жана гигиенасы боюнча техникалык жөнгө салуу тармагындагы ченемдик документтерди жана ченемдик укуктук актыларды кайра карап чыгуу, ошондой эле аларды иштеп чыгуу жана эл аралык стандарттарга ылайык киргизүү программасын бекитүүгө, аны өз убагында жана сапаттуу аткаруу боюнча иштерди координациялоону камсыз кылууга.

4.4. Эмгек коопсуздугу жана гигиенасы маселелеринин маанилүүлүгү тууралуу коомдук пикирди калыптандыруу боюнча жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу кеңири түшүндүрүү иштерин жүргүзүүгө.

4.5. Тараптар жумуш ордунда зомбулук жана кысым көрсөтүү көрүнүштөрүн жоюу боюнча зарыл чараларды көрүүгө.

4.6. 2025–2028-жылдарга карата эмгекти коргоо боюнча мамлекеттик программаны кабыл алуу. Республикада эмгекти коргоонун мамлекеттик системасын түзүү. Эмгек иши процессинде жумушчулардын өмүрүн жана ден соолугун сактоо талаптарына шайкеш келген коопсуз эмгек шарттарын түзүү боюнча эмгекти коргоо жана коопсуздук жаатындагы мамлекеттик саясаттын негизги багыттарын ишке ашырууну камсыз кылууга. Эмгекти коргоо боюнча программаны ишке ашыруу жолу менен жумушчулардын ден соолугун жана эмгек шарттарын баалоону эске алуу менен жумуш орундарында кесиптик тобокелдиктерди башкаруу системасын түзүү үчүн укуктук база түзүүгө көмөктөшүүгө.

4.7. Өлкөнүн аймагында улуттар аралык компаниялар тарабынан түзүлгөн жана түзүлүп жаткан ишканаларда, ошондой эле чакан жана орто бизнестин уюмдарында жумушчулардын укуктук корголушун, эмгектин коопсуз жана ден соолукка ылайыктуу шарттарын камсыз кылуу маселелеринде иш берүүчүлөргө коюлган талаптарды күчөтүүгө.

4.8. Ар бир ишканада жана уюмда жумушчулардын кесиптик тобокелдиктеринин деңгээлдерин баалоону жана иш берүүчүлөрдү ден соолукка ылайыктуу жана коопсуз эмгек шарттарын камсыздоого дем берген экономикалык жана укуктук механизмдерди калыптандырууну, анын ичинде жаракатсыз жана аварияларсыз иштеген ишканалар жана уюмдар үчүн салыктык жеңилдиктерди белгилөөнү камсыз кылуучу эмгекти коргоонун заманбап жана натыйжалуу башкаруу системасын (ЭКБС) киргизүүгө жетишүүгө.

4.9. Кесиптик бирликтер жана Иш берүүчүлөр мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдары менен биргеликте зыяндуу өндүрүш факторлорун камтыбаган, татыктуу эмгек шарттары бар, жаракат алуу, кесиптик оорулар жана курчап турган жаратылыш чөйрөсүнө терс таасирлерди болтурбоо шарттарын камтыган «жашыл» жумуш орундарын түзүүгө катышууну улантууга.

4.10. Ресурстарды туруктуу пайдалануу жана ресурс үнөмдөөчү, органикалык жана климатка туруктуу айыл чарбасын өнүктүрүү аркылуу калкты экологиялык жактан таза азык-түлүк менен камсыз кылууга.

4.11. Экинчи чийки затты (автомобиль шиналары, текстиль жана башка калдыктар) пайдаланууда абанын булганышы тууралуу калк арасында маалыматтык кампания жүргүзүүгө, алардын колдонулушун аныктоо жана токтотуу боюнча контроль жүргүзүүнү камсыз кылууга.

4.12. Жылуулук менен камсыз кылуучу ишканалардын электр жана газ менен камсыздоого, күн батареяларын колдонууга өтүүсүн камсыз кылууга.

## 5. Социалдык өнөктөштүктү өнүктүрүү

Тараптар социалдык-эмгектик чөйрөдөгү проблемаларды цивилизациялуу жол менен чечүүнүн ыкмасы катары социалдык диалог идеясына берилгендигин жарыялап, төмөнкүлөргө милдеттенишет:

5.1. Социалдык өнөктөштүк институтун реформалоо аркылуу кесиптик бирликтердин жана иш берүүчүлөр бирикмелеринин (ассоциацияларынын, бирликтеринин) өз өкүлдөрүнүн эмгектик жана социалдык-экономикалык укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын билдирүү жана коргоо боюнча стратегиялык ролун жогорулатууга.

5.2. Кесиптик бирликтердин жана иш берүүчүлөр бирикмелеринин мыйзамдуу укуктарын сактоого, алардын мыйзамдарда белгиленген тартипте түзүлүшүнө жана иштешине тоскоолдук жаратпоого.

5.3. Социалдык жана экономикалык өнүктүрүүнүн негизги маселелери боюнча чечимдерди кабыл алууда, социалдык-эмгек мамилелерин жана алар менен түз байланышкан башка мамилелерди жөнгө салууда социалдык өнөктөштүк механизмин колдонууну жайылтуу жолу менен, мындан ары социалдык өнөктөштүк системасын бардык деңгээлдерде калыптандырууга көмөктөшүүгө.

5.4. Менчигинин формасына карабастан мекемелерде, ишканаларда баштапкы кесиптик бирлик уюмдарын түзүүгө көмөктөшүүгө жана милдеттүү түрдө жамааттык келишимдерди түзүүгө жетишүүгө.

5.5. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине же жарандардын эмгектик, социалдык-экономикалык укуктарын жана кызыкчылыктарын (пенсиялар, жөлөкпулдар, аз камсыз болгон жана социалдык жактан аярлуу катмарлар үчүн жеңилдиктер) камсыз кылуучу башка ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө Кесиптик бирликтердин жана Иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн жумушчу комиссиялардын курамына киргизүү жөнүндө сунушту Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизүүгө.

5.6. Кесиптик бирликтер менчиктин бардык формаларындагы ишканаларда жана уюмдарда жамааттык келишимдерди түзүү боюнча ишти күчөтүүгө, ал эми Иш берүүчүлөр аны түзүүгө көмөк көрсөтүүгө.

5.7. Социалдык өнөктөштүктүн негизинде социалдык-эмгектик мамилелерди жамааттык-келишимдик жөнгө салуунун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында:

– бардык деңгээлдерде социалдык өнөктөштүктүн өнүгүшүнө талдоо жүргүзүүгө;

– тармактык (тармактар аралык), региондук/аймактык деңгээлдерде келишимдерди түзүү практикасына мониторинг жана талдоо жүргүзүүгө;

– региондук үч тараптуу комиссиялардын социалдык-эмгектик мамилелерди жөнгө салуу боюнча тажрыйбасын үйрөнүү жана жайылтуу боюнча мониторинг жүргүзүүгө жана иштерди жүргүзүүгө;

– региондук жана тармактык деңгээлдерде социалдык өнөктөштүк системасын өнүктүрүүгө көмөктөшүүгө;

– социалдык өнөктөштүктүн бардык деңгээлдеринде социалдык-эмгектик мамилелерди жөнгө салуу боюнча туруктуу иштеген комиссияларды түзүүгө көмөктөшүүгө.

## 6. Ченем жаратууга катышуу жана жумушчуларды укуктук жактан коргоону камсыз кылуу

Жумушчулардын социалдык-экономикалык укуктарынын жана кызыкчылыктарынын сакталышын камсыз кылуу максатында ченем жаратуу ишин өркүндөтүү жана колдонуудагы укуктук коргоо механизмдерин натыйжалуу пайдалануу жолу менен Тараптар төмөнкүлөргө милдеттенишет:

6.1. Кесиптик бирликтер менен Иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүнүн жумушчулардын эмгектик жана башка социалдык-экономикалык укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына тиешелүү ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууга катышуусун камсыз кылууга.

6.2. Эл аралык эмгек уюмунун төмөнкү конвенцияларына кошулуу маселесин талдоого:

– № 132 (1970-жылы кайра каралган) – акы төлөнүүчү өргүү жөнүндө;

– № 135 (1971-жыл) – ишканада жумушчулардын өкүлдөрүнүн укуктарын жана аларга берилген мүмкүнчүлүктөрдү коргоо жөнүндө;

– № 155 (1981-жыл) – эмгек коопсуздугу жана гигиенасы жана өндүрүш чөйрөсү жөнүндө;

– № 156 (1981-жыл) – үй-бүлөлүк милдеттери бар эмгекчилер жөнүндө;

– № 173 (1992-жыл) – ишкер төлөөгө жөндөмсүз болгон учурда эмгекчилердин талаптарын коргоо жөнүндө;

– № 177 (1996-жыл) – үйдөн иштөө жөнүндө;

– № 183 (2000-жыл) – энеликти коргоо жөнүндө;

– № 187 (2006-жыл) – эмгек коопсуздугуна жана гигиенасына көмөктөшүүчү негиздер жөнүндө;

– № 189 (2011-жыл) – үй жумушчуларынын татыктуу эмгеги жөнүндө.

6.3. Социалдык тармактардагы маалымат каналдарын жана ишеним телефондору тармактарын кеңейтүү, ошондой эле көчмө кабыл алууларды киргизүү жолу менен социалдык-эмгектик маселелер боюнча калк менен тыгыз байланыш механизмин андан ары өркүндөтүүгө.

6.4. Кесиптик бирликтердин бардык министрликтер жана ведомстволор, ошондой эле Иш берүүчүлөр менен эмгек мыйзамдарын бузуулардын алдын алуу боюнча системалуу кызматташтык жүргүзүүгө.

6.5. Иш берүүчүлөр Кесиптик бирликтердин эмгек мыйзамдарынын бузууларды жоюу боюнча жазма буйруктарын аткаруудан негизсиз баш тарткан же көңүл кош мамиле кылган учурларда, мыйзамда белгиленген мамлекеттик эмгек инспекциясынын ыйгарым укуктарын пайдалануу аркылуу алардын аткарылышына көмөктөшүүгө.

6.6. Жарандардын, мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарынын жетекчилеринин укуктук сабаттуулугун жогорулатуу боюнча системалуу иштерди жүргүзүүгө.

6.7. Иш берүүчүлөрдүн (ишканалардын жана уюмдардын жетекчилеринин, чакан бизнестин жана жеке ишкерликтин өкүлдөрүнүн) эмгек мамилелери боюнча квалификациясын системалуу түрдө жогорулатууга.

6.8. Эл аралык эмгек стандарттарынын мазмунун кеңири жайылтууга, алардын ишканаларда жана уюмдарда аткарылышына биргелешип мониторинг жүргүзүүгө.

## 7. Аялдар жана жаштар үчүн кошумча кепилдиктер

Тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аялдар жана жаштар үчүн каралган кепилдиктерди сактоого жана жеңилдиктерди берүүгө милдеттенишет, төмөнкүлөрдү зарыл деп эсептешет:

7.1. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин ченемдерине ылайык аялдар менен жаштардын кызыкчылыктарын коргоо.

7.2. Жамааттык келишимдерде жана макулдашууларда каралган төмөнкү чараларды камсыз кылуу:

– уюмдун жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ыйгарым укуктуу адамына жүктөлгөн, аялдар менен эркектер үчүн тең укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу боюнча милдеттерди аткаруу;

– жумушка кабыл алууда жана кызматтык көтөрүлүүдө аялдар менен эркектер үчүн тең мүмкүнчүлүктөрдү түзүү;

– аялдар менен эркектердин эмгек акысынын ортосундагы теңсиздикти жоюу.

7.3. Жамааттык келишимдерде жана макулдашууларда аялдар менен жаштарга жеңилдиктерди берүү, ошондой эле аларга моралдык жана материалдык колдоо көрсөтүү, анын ичинде жаш кызматкерлерге, кесиптик билим берүү мекемелеринин бүтүрүүчүлөрүнө узак мөөнөткө пайдаланылуучу товарларды сатып алуу жана турак жай программасына катышуу үчүн кошумча жеңилдиктерди, пайызсыз ссудаларды берүү маселелерин караштыруу.

## 8. Макулдашуунун колдонулушу, аны ишке ашыруу механизми, аны аткарууда Тараптардын жоопкерчилиги

Тараптар тарабынан бул Макулдашуунун жоболорун аткаруу максатында Тараптар төмөнкүлөр жөнүндө макулдашты:

8.1. Тараптар ушул Макулдашууну 2025–2027-жылдарга Кыргыз Республикасында макулдашылган социалдык-экономикалык саясатты жүргүзүү боюнча багыттарды жана зарыл иш-аракеттерди аныктаган социалдык өнөктөштүктүн негизги документи катары таанып, анын бардык шарттарын сактоо менен аны жетекчиликке алууга милдеттенишет.

8.2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясы менен республикалык иш берүүчүлөр бирикмелеринин ортосундагы 2025–2027-жылдарга башкы макулдашууну ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планын иштеп чыгуу жана бекитүү.

8.3. Ушул Макулдашууну түзгөн Тараптардын бири да анын күчүндө болуу мөөнөтүнүн ичинде өзүнө алган милдеттенмелерди бир тараптуу токтотууга укугу жок.

Бул Макулдашууга толуктоолор жана өзгөртүүлөр Тараптардын жазуу жүзүндөгү макулдугу боюнча ушул Макулдашууда каралган тартипте киргизилет.

8.4. Республикалык үч тараптуу комиссиянын чечимдери (сунуштамалары) ушул Макулдашууну ишке ашыруунун формасы болуп эсептелет.

8.5. Тараптар ушул Макулдашууну аткаруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты жыл сайын социалдык-эмгек мамилелерин жөнгө салуу боюнча Республикалык үч тараптуу комиссияга тапшырышат.

8.6. Ушул Макулдашууга кол коюлгандан кийин Тараптар бир жумалык мөөнөттүн ичинде аны жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялоону камсыз кылат, ошондой эле Республикалык үч тараптуу комиссия тарабынан аткарылган иштер жана ушул Макулдашууну ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты туруктуу негизде жалпыга маалымдоо каражаттарында чагылдырууну камсыз кылышат.

8.7. Тараптар Республикалык үч тараптуу комиссиянын жыйналыштарын үзгүлтүксүз негизде өткөрүүнү камсыз кылышат.

8.8. Ушул Макулдашуу кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

8.9. Тараптар таанышуу жана аткаруу үчүн ведомстволук уюмдарга жеткирсин.

8.10. Бул Макулдашуу башка республикалык иш берүүчүлөр бирикмелерине жана көз карандысыз кесиптик бирликтерге кошулуу үчүн ачык.

Бишкек шаарында 2025 -жылдын «1» июль 4 нускада мамлекеттик жана расмий тилдерде түзүлдү.

Башкы келишимге төмөнкүлөр кол койду:

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин атынан**

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасынын орун басары** ______________________ **Э.Ж. Байсалов**

**Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясынын атынан**

**Кыргызстан кесиптик**
**бирликтер федерациясынын**
**төрагасы** ______________________ **М. Джумадилде уулу**

**республикалык иш берүүчүлөр бирикмелеринин атынан**

**Соода-өнөр жай палатасынын президенти ___________________________ Т.А. Сариев**

**«ЖИА Бизнес ассоциациясы» юридикалык жактардын бирикмесинин аткаруучу директору ____________________ Ж.Б. Омошов**

**Сатуучулардын (өндүрүүчүлөрдүн жана дистрибьюторлордун) ассоциациясынын президенти _______________________ Г.Т. Ускенбаева**